DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Масалиева Н.У.*

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ДИНИЙ-МИФОЛОГИЯЛЫК ТҮШҮНҮКТӨРГӨ БАЙЛАНЫШТУУ РУХАНИЙ ЛЕКСИКА

*Масалиева Н.У.*

## ДУХОВНАЯ ЛЕКСИКА, СВЯЗАННАЯ С РЕЛИГИОЗНО-МИФОЛОГИЧЕСКИМИ ПОНЯТИЯМИ В ЭПОСЕ «МАНАС»

*N. Masalieva*

## SPIRITUAL VOCABULARY ASSOCIATED WITH RELIGIOUS AND MYTHOLOGICAL CONCEPTS IN THE EPOS «MANAS»

*УДК: 81.37.321*

*Бул макалада "Манас" эпосундагы кыргыз элинин руханий маданиятына тиешелүү, башкача айтканда, диний-мифологиялык түшүнүктөргө байланыштуу руханий лексикадагы сөздөр лингвосемантикалык жана лингвомаданияттык аспектиден изилдөөгө алынат. "Манас" эпосундагы диний-мифологиялык түшүнүктөргө байланыштуу руханий лексика келип чыгуу хронологиясы боюнча магия, анимизм, фетишизм, тотемизмге байланыштуу байыркы ишенимдерге мүнөздүү катмарларга бөлүштүрүлүп, аларды тилде туюнткан айрым сөздөргө лингвосемантикалык жана лингвомаданияттык алкакта талдоо жүргүзүлөт. Байыркы ишенимдерге байланыштуу бут, буркан, буткана, жай таш, лаанат, асман, жер, ай, күн, кара куш, тарамыш, теңир жана башка сөздөрү семантикалык жана лингвомаданияттык өңүттөн изилдөөгө алынып, айрым бир сөздөр тектеш тилдер менен салыштырылып сыпатталып, зарылчылыкка жараша этимологиясына да көңүл бурулат.*

***Негизги сөздөр:** лексика, семантика, руханий лексика, тематикалык топ, лексика-семантикалык топ, семантикалык анализ, классификация, стратификация, теория.*

*В данной статье слова духовной лексики, относящиеся к духовной культуре кыргызов в эпосе «Манас», то есть относящиеся к религиозно-мифологическим понятиям, исследуются с лингвосемантическом и лингвокультурологическом аспекте. По хронологии происхождения духовная лексика, относящаяся к религиозно-мифологическим понятиям в эпосе «Манас», делится на пласты, характерные для древних верований, связанных с магией, анимизмом, фетишизмом, тотемизмом, и некоторые слова, выражающие их в языке, анализируется в лингвосемантическом и лингвокультурологическом контексте. Слова, связанные к древними верованиями как бут, буркан, буткана, жай таш, лаанат, асман, жер, ай, күн, кара куш, тарамыш, теңир и другие слова изучаются с семантической и лингвокультурологической точек зрения, некоторые слова сопоставляются с родственными языками и описываются, а при необходимости и этимологически.*

***Ключевые слова:** лексика, семантика, духовная лексика, тематическая группа, лексико-семантическая группа, семантический анализ, классификация, стратификация, теория.*

*In this article, the words of spiritual vocabulary related to the spiritual culture of the Kyrgyz in the epic "Manas", that is, related to religious and mythological concepts, are studied from a linguosemantic and linguo-culturological aspect. According to the chronology of origin, spiritual vocabulary related to religious and mythological concepts in the Manas epic is divided into layers characteristic of ancient beliefs associated with magic, animism, fetishism, totemism, and some words expressing them in the language are analyzed in linguosemantic and linguocultural context. Words associated with ancient beliefs such as but, burkan, butkana, zhai tash, laanat, asman, zher, ai, kun, kara kush, taramysh, tenir and other words are studied from a semantic and linguocultural point of view, some words are compared with related languages and described, and if necessary, etymologically.*

***Key words:** vocabulary, semantics, spiritual vocabulary, thematic group, lexico-semantic group, semantic analysis, classification, stratification, theory.*

"Манас" эпосунун этномаданий лексикасын изилдөөчүсү Т.Дюшеева диний түшүнүктөргө байланыштуу айрым аталыштарды зороастризм, бутпарас, шаманизм, буддизм, христиан (нестоиран) жана ислам динине байланыштуу топторго бөлүп изилдөөгө алып, эпосто сүрөттөлгөн диний ишенимдер ар түрдүү доордогу диний көз караштардын пайда болуп өнүгүүсү менен байланыштырылган [1, 10-11-бб.]. Чындыгында эле, "Манас" эпосунда адамзаттын өнүгүүсүнүн ар кыл дооруна мүнөздүү болгон диний ишенимдер, кыргыз элинин руханий маданиятына байланышкан диний-мифологиялык көз караш, түшүнүктөр кеңири орун алган. Алар фетишизм, анимизм, тотемизм, магияга байланыштуу мифологиялык түшүнүктөр, шаманизм, буддизм, христиан жана исламга байланыштуу диний түшүнүктөр.

Алардын лексикалык курамын тематикалык жана лексика-семантикалык жактан алгачкы мифологиялык-магиялык, фетиштик түшүнүктөр, тотемизм, анимизм, шаманизм, буддизм, христиан, ислам диний ишенимдерине байланышкан сөздөр деп топторго классификациялоого болот. Келип чыгуу хронологиясы боюнча алгачкы/байыркы ишенимдер жана кийинки диний ишенимдер деп эки чоң топко бөлүүгө болот. Бирок биз бул макалабызда "Манас" эпосундагы алгачкы/байыркы ишенимдерге байланыштуу лексикага гана токтолобуз.

Адамзаттын өнүгүүсүнүн алгачкы мезгилдеринде адам таанып-билүү аракети менен өзүн курчап турган дүйнөнү мифологиялык-фантастикалуу түрдө элестетип, өзүн кайсы бир өсүмдүк, же жаныбар, же зат-предмет менен байланыштырган. Натыйжада, табигаттан тышкары сыйкырлуу, магиялык күчкө ээ деп эсептелген жансыз предметтерге сыйынуу ише-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



ними, культу пайда болгон. Мисалы, тоо, таш, жыгач, сөөк, бут//буркан (идол), тумар, көз мончок ж.б. “Илимде бул алгачкы ишеним фетишизм (француз тилинде *fetiche* “идол”, “талисман” - өзгөчө, табигаттан тышкаркы күчкө, сыйкырга ээ, жансыз предметтердин (фетиштер) культу, аларга сыйынуу, ишенүү” - деп аталат [2].

“Манас” эпосунда да жансыз заттарга сыйынуу ишенимине байланышкан окуялар кездешет. Айталы, С.Орозбаковдун “Манас” вариантында *бут//бурканга* сыйынуу окуялары кеңири орун алат. Мисалы, Нескарага байланыштуу окуяда *бут//буркандын* асыл таштардан жасап, ага сыйынуу учурлары баяндалат:

*Бут* куйдуртуп бултуйуп,
Эки ууртун дулдуйтуп,
Алтындан кылган башыны,
Осмодон куюп кашыны,
Көөхардан кылып көзүнү,
Көркүн оңдоп өзүнү.
Сары алтындан бой кылып,
Зебер зардан кол кылып,
Инжиден сайып тиш кылып
Жыргатчудай иш кылып,
Эрди-мурду зумуруд [7, 1:278-б.],
Дөө, шайтан, жин болду,
Колдон согуп кудай деп
Жөөлүгөн мында ким болду? [7, 1:278-б.].

*“Бут* – сыйынуу, табынуу үчүн жасалган кудайдын сүрөтү” [3, 277-б.]. “Буркан – 1. Кудай. 2. *өт*. Чокуна, табына турган бут” [3, 274-б.]. “Манас” эпосунда “*бут* жана *буркан* синоним катары берилет. Ортосундагы айырмачылыктар так көрсөтүлгөн эмес. *“Манасчы Балыкооздун* санжырасында кыргыз эли мусулманчылыкка киргенге чейин кутка табынганын эскерет. *“Кут”* сөзү, убагында жанына салып жүрүп же үйгө коюп сыйынган кудайдын кейиптери экендигин айтат. Бут кыргыз тилине санскриттен кытай тили аркылуу кирген. Кыргыздарда бутка сыйынуу көрүнүшү алгач ирет 1602-жылы жазылган араб тилиндеги «Зийа ал-кулуб» аттуу чыгармада баяндалат. Мында *Чыгыш Түркстанда* жашоочу кыргыздардын бир бакка илинген күмүш бутка жана анын тегерегине илинген таштан жана жыгачтан жасалган 2000дей буттарга сыйынганы тууралуу айтылат. Демек, кыргыздар 16-кылымда буркан дини менен тааныш болгон” [5].

“Буткана – буддисттердин кудайына – бутка сыйына турган жайы [3, 278-б.].

Эпосто *бут* же *буркандын* касиеттүү күчүнө, керемет-сыйкырына ишенүү салты кыргыздардын душмандарын баяндоодо, ошондой эле согуш учурундагы баталдык сценаларда көркөм сүрөттөлөт. Маселен, “Манас” эпосундагы Көкөтөйдүн ашында Жолой дөө кыргыздын Кошой баатыры менен күрөшкө чыгаардын алдында өзүнүн бурканына сыйынып, андан жалынып жардам сурайт:

Кайра басып Жолой дөө
Калмакча намаз окунуп,
Карк алтын сүрөт буту бар,
*Бурканына* чокунуп [7, 219-220-бб.].

Ошондой эле душман тараптын Коңурбай, Ороңгу, Нескара ж.б. баатырлары согушка аттанаар алдында бутка же бурканга, же лаанатка сыйынышат:

Анжы Бээжин Коңурбай,
Арбак урган чоң калдай
Намыстанып алыптыр,
Ачуусу келип калыптыр.
*Бутканага* чокунуп,
Булуттай кара ат токунуп,
Азырданып алыптыр [7, 3:239-б.].
“Аярлардын баарысы
Кура көрүп, бал ачты,
Жашатпаска Манасты
Акылдашып жыйылып
*Лаанатка* сыйынып” [7, 3:21-б.] ж.б.

Мындан тышкары, “Жай таш фетиштик түшүнүк катарында Азия элдеринин диний аң-сезиминде кеңири учурайт. Жайчылык өнөр Алмамбеттин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири катары көрсөтүлгөн. Чоң казатка аттанганда албуут Уркун дарыясынан аскердин аман-эсен кечип өтүшүнө, Сыргак менен чалгынга баратканда душмандардын койгон кароолуна байкалбаш үчүн мүмкүнчүлүк түзөт. Жай таш жай мезгилин кыш мезгилине өткөрүүгө, ооштурууга гана мүмкүнчүлүгү бар. Ошол себептен жай мезгилинин кай учуру болбосун жай таштын керемети менен бурганактаган алай-дүлөй бороон, күн көрүнбөгөн түнгө алмашып, суулар тоңуп, сасык туман каптап, алаамат түшөт” [2, 440-б.]. Мисалы, чоң казатта чалгын учурунда Алманбет жай ташын сууга салып кар жаадырып, душмандардын колун бир топ жан-алекетке салып кыйнайт:

Алмамбет баатыр муну айтып,
Каспанды беттеп алганы,
Камбылдын кара суусуна
*Жай таштын* төртөөн салганы.
Касыйдадан кат окуп,
Калмакча кара дуба жат окуп,
Баатыр Алмаң турганы [7, 3:203-б.].

*Жай таш* – эпостогу мааниси “күндү жайлаштырып, аба-ырайын өзгөртүү”. Мисалы: Жаратканга жалбарып, Жайлаймын күндү баатыр деп, - Алманбет Чубакка айтып, жай ташын сууга салып, эми эле чайыттай ачык турган күндү заматта алай-дүлөйгө салдырып бороон-чапкынга айлантып, суук түшүрүп кар жаадырат. Эпостогу мындай ишеним табигаттан тышкаркы өзгөчө күчкө, сыйкырга ээ жансыз предмет – *жай ташка* болгон ишенимдин дале күчтүү экенин айгинелеп турат. *Жай таш* түрк, монгол тилдеринде тыбыштык жактан ар түрдүүчө айтылат: казак тилинде *жай тас*, алтай тилинде *яда/жада,* монгол Ти-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



линде *зад(а),* бурят тилинде *зада,* хакас тилинде *чада* ж.б. Демек, жайчылык өнөр бул элдерде да орун алганын байкайбыз. *"*Мифология (байыркы грекче «миф» уламыш, болумуш жана «логос» - сөз, аңгеме; илим) мифтерди чогултуп жана аларды изилдөөчү илим. Алгачкы коомдогу адамдардын өздөрүн курчап турган дүйнөгө болгон эң жөнөкөй фантастикалуу түшүнүктөрү, мисалы, бардык элдердин өнүгүүсүнүн алгачкы мезгилдеринде пайда болгон аалам, же жердин түзүлүш катмарлары: жер үстү, жер асты. Мифологиянын чагылышына адамдардын эң алгачкы диндик түшүнүктөрү: фетишизм, анимизм, тотемизм, магия - жана башка чоң таасирин тийгизген. Адамдар ар кыл табият кубулуштарын түшүндүрүүгө дүйнөнүн жаралышы, күн, жылдыз, ай, адам, деңиз, суу, жанывбарлар, өсүмдүк, жаратылыштагы кырсыктар жана башка жөнүндө көптөгөн мифтерди чыгарышкан. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында, ошондой эле «Манас» эпосунда да мифтик окуялар, түшүнүктөр жаныбарлар дүйнөсү менен байланышкан мифологиялык сюжеттер кеңири чагылдырылат. Белгилүү адабият изилдөөчү Б.Кебекова миф тууралуу «табият кубулуштарын, анын өзгөрүү закондорун түшүнүүгө жасаган алгачкы ой жүгүртүү, кыялдануларын, аракеттенүүлөрүн чагылдырып турат» [4, 553-б.] - деп жазат.

Мифтик түшүнүктөр эпосто Манас баатырдын төрөлүшүндө, Манастын сыпатталышында, ошондой эле аярлардын түрдүү жаныбарларга айланган окуяларында көрүнөт. Мисалы, Манас төрөлөөр алдында бай Жакып менен Чыйырдынын көргөн түштөрүндө ал күн менен айдан бүткөн бала катары сыпатталат:

"Асман менен жериңдин  
Тирөөсүнөн бүткөндөй,  
Айың менен Күнүңдүн  
Бир өзүнөн бүткөндөй" [7, 1:283-б.].

Күнгөй аяр Кошой менен кармашканда жолборско, андан кийин кушка айланат:

"Каарданып бул аяр  
Кара чаар кабылан  
*Жолборс* боло калганы" [7, 2:43-б.].

Мында *асман менен жериңдин, айың менен күнүңдүн, кара чаар кабылан, кара куш* деген сөз, сөз бирдиктери мифологиялык лексикага кирет.

Магия (гректин mageia "сыйкырдуу") – жаратылыш кубулуштарына, же адамдарга, же рухтарга табияттан тышкаркы жолдор менен таасир берүүгө арналган сыйкырчылык, көз байлоочулук, арбоочулук ырым-жырымдары. Магия адам жашоосуна жараша бөлүнөт. Алсак, тиричиликке байланышкан магияда, мисалы, жамгыр чакырууга, же күндүн көзүн байлоого, же аңчылыкка чыгаарда жолдуу болуш үчүн ж.б.у.с. жасалган ырым-жырымдар колдонулса, мындан сырткары адамды дарылоого арналган магия, адамга зыян келтирүүгө (кара магия) же жолун ачууга (ак магия) арналган магия болуп бөлүнөт.

"Манас" эпосунда дагы адам жашоосуна байланыштуу магиялык көрүнүштөр кеңири орун алган. Айрыкча С.Орозбаковдун вариантында көп кездешет. Айталы, Кошой баатырга байланыштуу окуяларда сыйкырчылык көрүнүштөрү өзгөчө кеңири баяндалган. Мисалы:

Жыйылган канча *тарамыш*  
Кыз өнөрүн караңыз,  
Үшкүрүп бир дем салыптыр,  
Аркар, кулжа, кийик, куш  
Баарысы болуп калыптыр [7, 2;49-б.]

"Бая жарадар *кара куш*  
Башын үзүп салганы  
Лайла малум - деп  
Күңгөй өлүп калганы" [8, 44-б.].

Мында эпостогу Күңгөй аярдын жаны кара кушта катылып, аны Кошой баатыр жаа менен атып түшүрүп, башын үзүп жаңын чыгарышы баяндалат. Эки учурдагы магиялык түшүнүктөр *тарамыш* жана *кара куш* деген сөздөр аркылуу туюнтулду.

Анимизм (латынча animus "жан", "рух" маанилерин туюнтат) дегенде биз дүйнөдөгү бардык нерселер, кубулуштар жогорку сыйкырдуу, керемет күчтөргө ээ болуп, аларды башкарып, колдоп турган сыйкырдуу жандар бар деген ишенимди түшүнөбүз. Ушундай ойдун негизинде алгачкы мезгилдерде адамдар айланасындагы аска-тоого, же ташка, жер-суу же бак-дарактарга, ай-күн же жылдыздарга, от ж.б. жандуу-жансыз заттарга сыйынышып, аларга арнап курмандык да чалып келишкен. Бүгүнкү күндө дагы мындай анимисттик ишенимдер унутулбай эл арасында орун алып келе жатат.

Анимисттик ишенимдер «Манас» эпосунда да кеңири орун алган. Алсак, Манастын төрөлүшүндө Жакыптын Теңир эгесине бала сурап жалынуусу жана ага арнап мал союп курман чалуусу ж.б. Каармандар бири-бирине болгон ишенични, актыкты, берилгендикти далилдөө жана душмандар менен согуштарда жеңишке жетишүү үчүн Теңир // Көк(ө) Теңирге табынышат:

Көпкөк темир кийинип,  
*Көкө теңир* колдо деп,  
Азыркысын жар бол деп  
Азезилге сыйынып [7, 2:82-б.].  
Менин жөнүмдү сурасаң  
Көкө-Ноор калмагы,  
Көкө теңир жар болуп,  
Жаным тирүү калганы [7, 2:28-б.].

*Көкө Тенир* - "1. Асман, көк. 2. Кудай" [6] "Теңир - байыркы түрк-монгол элдеринин эң жогорку кудайынын аты" [5] ж.б. Түрк, монгол тилдеринде *теңир* түрдүү тыбыштык вариантта орун алат. Мисалы: шор тилинде *тегри*, алтай тилинде *тенгри,* монгол тилинде *тэнгэр* ж.б. Окумуштуулардын пипири боюнча

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*теңир* сөзү байыркы шумер, баба алтай тилдеринде дагы орун алып, байыркы кыргыз тилинде *теңир* (*Теңириде күнке йердеки елимке бөкмедим*), Жусуп Баласагындын "Кутадгу билигинде" *теңгри,* Махмуд Кашгаринин "Диван лугат ат-Турк" сөздүгүндө *таңгри* "Аллах, Улуу, кудурети күчтүү) ж.б.

"Манас" эпосунда *Теңир* сөзү көбүнесе *алла, кудай, жараткан, эге* сөздөрүнө синоним катары колдонулат. *Теңир* сөзү түрк, монгол тилдеринде эң байыркы катмарга кирет.

Илимде тотемизм адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы баскычындагы элдин мифологиялык түшүнүктөрүнүн бири катары каралып, адамды өсүмдүк же жаныбар менен байланыштырышканы маалым. Ошого байланыштуу жер, суу, ал эмес уруулардын аттарын бөрү, багыш, бугу, сары багыш ж.б. деп аташкан. Азыркы кыргыз урууларынын аталыштары да ушундай. Тотемдик түшүнүк « Манас » эпосунда айрыкча кеңири колдонулуп, кыргыз кырк уруу бөрү катары сыпатталышынан тартып, Манаска чейин «көк жал», «көк бөрү», "шер", "арстан" деп сүрөттөлөт. Ошондой эле эпостогу көк бөрү болуп кубулган кырк чилтен, алп кара куш ж.б. мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин болгонун күбөлөйт.

«Манас» эпосунда каармандарга адамча сүйлөп, кеп-кеңешин айткан акылдуу аттар кездешет:

"Арык ээси Нескара,
Аңдап угуп, сөз кара.
Чабдар аты бар экен,
Ээси менен сүйлөшүп,
Эс үйрөтчү мал экен" [7, 1:277-б.].

Ыр саптарында Нескаранын *Чабдар аты* адам менен сүйлөшүп, акыл үйрөтүп акылдуу болуусу тотемдик ишенимди туюнтуп турат.

Жыйынтыктап айтканда, "Манас" эпосундагы руханий лексиканын диний-мифологиялык түшүнүктөрүнө байланыштуу катмары дагы кеңири орунду ээлейт. Иликке алынган лексикалык катмарды изилдөө аркылуу кыргыз элинин диний түшүнүктөрүнүн өнүгүү эволюциясын байкай алабыз жана *эпостогу* диний түшүнүктөргө байланыштуу руханий лексика лингвосемантикалык, лингвомаданияттык аспектиден терең изилдөөгө муктаж.

**Адабияттар:**


1. Дюшеева, Т.С. "Манас" эпосунун этномаданий лексикасы [Текст]: филол. илим. канд. ... автореф. / Т.С. Дюшеева. - Бишкек, 2014. - 24 б.
2. "Манас" энциклопедиясы/Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Бишкек: Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы, - 1995. 1-т. - 440.
3. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст]: 50 минден ашык сөз ж-а сөз айкашы камтылды. - Бишкек: AVRASYA PRESS, 2010. - 1460 б.
4. Кебекова Б. Миф жана уламыш. / Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы. Фольклористика. Оозеки чыгармачылыктын жанрлары. I том. 2-басылышы. - Б., 2004.
5. https://ky.wikipedia.org/wiki/Бут
6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. - Б., 2015.
7. "Манас" эпосу. Орозбаков Сагымбайдын варианты. 1,2,3-китептер. - Ф., 1980,1980,1981.
8. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 3-китеп. С.Орозбаковдун варианты б-ча. - Б., 1995. - 672 б.
9. Айталиева Т.К. Некоторые особенности в сказании эпоса «Манас» Сагымбай Орозбаковым. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 6. С. 204-207
10. Омуралиева Ж.О. Мифологические мотивы при рождении Манаса (по варианту Молдобасана Мусулманкулова). Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2019. №. 9. С. 186-189.